Кыямат күнү тозокто эң жеңил азап тартып жаткан адамга кайрылып Аллах Таала: "Эгер сенде жер бети толо мүлкүң болсо, аны берип өзүңдү азаптан куткарат белең?" - деп сурайт. Ал: "Ооба

Анас бин Малик (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Кыямат күнү тозокто эң жеңил азап тартып жаткан адамга кайрылып Аллах Таала: "Эгер сенде жер бети толо мүлкүң болсо, аны берип өзүңдү азаптан куткарат белең?" - деп сурайт. Ал: "Ооба" - дейт. Ошондо Аллах Таала мындай дейт: "Мен сенден мында жеңил нерсени эле каалаганмын. Сен Адамдын белинде жаткан кезиңде Мага эч нерсени шерик кылбашыңды айткам, бирок сен баш тартып, Мага башка нерселерди шерик кылдың".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабарлайт: Тозокко түшүп эң жеңил азап менен азапталып жаткан тозок тургунуна кайрылып, Аллах Таала: Сенде бутүндөй дүйнө жана андагы бардык нерселер болсо, ошонун баарын ушул азаптан кутулуу үчүн берет белең? деп сурайт. Тиги адам ооба деп жооп берет. Аллах Таала минтип айтат: Сен Адамдын белинде турганыңда силерден ант келишим алганда Мен сенден буга караганда өтө жеңил нерсени талап кылгам, сенден болгону Мага эч нерсени шерик кылбай ибадат кылууну талап кылып, ушуга буйругам. Кийин сен жашоого келгениңде мындан баш тартып, Мага башка нерсени шерик кылдың.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/8315